Бекитилди

Директор ________ Б.Акматов

# Башталгыч класстардын усулдук бирикмесинин иш планы.

## 2021-2022-окуу жылы

| № | Аткарылуучу иштер | мөөнөтү | каражаттар | жооптуу |
|---|---|---|---|---|
| 1<br>2<br>3 | 2020-2021-окуу жылына анализ<br>2021-2022-окуу жылына кабыл алынган милдеттер.<br>Уюштуруу иштери. | сентябрь | анализ<br>пландар | УБ жетекчиси<br>Башталгыч класстын мугалимдери. |
| 1<br>2 | Башталгыч класстардын айлыгы<br>1-4 класстардын жумушчу дептерлеринин абалы. | октябрь | билдирүү | УБ жетекчиси |
| 1<br>2 | 1-чейректин мониторинги Билим сапаты.<br>Жөндөмдүү окуучулар менен иш жүргүзүүнүн абалы. | ноябрь | мониторинг<br>билдирүү | УБ жетекчиси<br>Мамырбаева Р |
| 1<br>2 | Сабакты жакшы өздөштүрө албаган окуучулар менен иш алып баруунун абалы.<br>Ким сулуу жазат? | декабрь | билдирүү<br>билдирүү | Асаналиева А<br>Хасанова А |
| 1<br>2 | 2-чейректин мониторинги Билим сапаты<br>Окуп түшүнүү ишмердүүлүгүн текшерүү.(2-4 –класстар) | январь | мониторинг<br>билдирүү | УБ жетекчиси<br>Садырова Ж |
| 1<br>2 | Мугалимдердин ишмердүүлүгүн баалоо.<br>Жумушчу дептерлердин абалы. | февраль | билдирүү | Рысбекова А<br>Шаршеналиева Д |
| 1<br>2 | " Окуу керемет"долбоорунун стратегияларын сабактарда колдонуп өтүүнүн абалы.<br>3-чейректин мониторинги Билим сапаты. | март | билдирүү<br>мониторинг | УБ жетекчиси<br>УБ жетекчиси |
| 1<br>2 | Алиппе майрамы<br>Башталгыч класстар арасында "Окуу керемет" долбоорунун стратегияларын колдонуунун натыйжалуугу (семинар) | апрель | билдирүү | Уб жетекчиси<br>Башталгыч класстын мугалимдери |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| 1<br>2 | 4а,4б-класстардын көчүрүү экзамендеринин жыйынтыгы.<br>УБ нин ишин жыйынтыктоо | май | билдирүү<br>билдирүү | УБ жетекчиси<br>УБ жетекчиси |

**Башталгыч класстардын усулдук бирикмесинде 2021-2022- окуу жылында аткарган иштеринин анализи.**

Башталгыч класстардын усулдук бирикмесинде жалпы 8 мугалим эмгектенди. 7 класс жана 1 даярдоо группасы.
Окуу жылынын башында усулдук бирикмесинин иш планы түзүлүп, аткарылуучу иштер ирети менен айларга бөлүнгөн. Усулдук бирикмеде иштер пландалган пландын негизинде жүргүзүлдү.Ар бир мугалим жаңы окуу жылына карата календардлык планды мамлекеттик стандарттын негизинде түзүштү.

2021-2022- окуу жылында окуучулардын ой жүгүртүүсү ,кабыл алуусу ,окуп түшүнүүсү жана тамгаларды элементи менен жазуу боюнча иштерди жандандырууга милдеттерди кабыл алып, иш алып бардык.

1-чейректин октябрь айында башталгыч класстардын усулдук бирикмесинин айлыгы өткөрүлдү. Айлыктын жүрүшүндө коюлган максаттын негизинде окуучулардын билимдери бардык сабактардан текшерилип жыйынтыкталды жана мугалимдердин чыгармачылыгы бааланды. Ар бир айда класстардан "Ким сулуу жазат?" сынагы өткөрүлүп ,текшерилип, мониторинги чыгарылып турду. Көпчүлүк окуучулардын кол жазмалары талапка жооп бербейт.

Окуучулардын кол жазмаларын жакшыртуу жана сабаттуу жазууга жетиштирүү биздин алдыга койгон максатыбыз.

Ошондой эле окуучулардын жумушчу дептерлеринин ,окуу куралдарынын кармалышы текшерилип,оңдоп,түзө иштери жүргүзүлдү.

2-класстар арасында жөндөмдүү жана сабакты жакшы өздөштүрө албаган окуучулар менен жыл бою үзгүлтүксүз иштер жүргүзүлдү. Сабактардан жетише албаган айрым окуучулар бир аз болсо да алдыга умтулуп, сабакка болгон кызыгуусу пайда болгону байкалды.

"Окуу керемет долбоорунун негизинде ментор Рысбекова А .иш алып барды. "Окуу керемет" долбоорунун негизинде сабактарды жаңы заманбап стратегиялар менен камтып ,өтүүгө жетиштик. Жыйынтыгында мугалимдердин көпчүлүгү жогорудагы милдеттерди аткарууда ,жакшы деңгээлде өтүп көрсөтүштү. 1-4-класстарда атайын окуучулардын окуу көндүмдөрүн жакшыртуу максатында ата- энелер менен бирдикте иш-чаралар өткөрүлүп турду. " Окуу керемет" долбоорунун негизинде, ата-энелер менен биргеликте электрондук китеп окуу сынагы уюштурулду. Ата-энелердин балдарга болгон жоопкерчилиги ,көңүл буруусу жакшырды.

Ар бир класстан чейрек сайын окуучулардын окуу тездиги текшерилет. Жөн гана окуу тездигин текшербестен ,окуп түшүнүүсүнө да көңүл бурулуп, анализ жазылып турду.

480 сааттык программа менен Рысбекова Асел иш алып барды. Календарлык планы түзүлүп,бекиттирилген , класс керектүү көрсөтмө куралдары менен жабдылган ,балдардын жаш өзгөчөлүгүнө туура келет. Иш кагаздары толук, журналдар өз убагында толтурулат.

1а-класстын класс жетекчиси : Ажибекова Э . Класста 20 окуучу окуйт. Мугалимдин иш кагаздары толук. Окуучулардын жетишүүсү жакшы.

1б-класстын класс жетекчиси : Садырова Ж . Класста 20 окуучу . Окуу жүктөмү 17 саат .Эмгек стажы 30 жыл. Мектепте профсоюз уюмунун төрайымы. Иш кагаздары иреттүү, толук. Ар бир сабакта көрсөтмө куралды пайдаланып, окуучуларды кызыктырып сабак өтөт. Окуучулардын жетишүүсү жакшы. Жатка жазууга, шар окууга үйрөнүп калышты.

2-класстын класс жетекчиси: Асаналиева А . Класста 24 окуучу окуйт. Календарлык планы жыл башында түзүлүп, бекиттирилген. Иш кагаздары толук,өз учурунда туура ,таза ирети менен толтурулат . Окуучулар жатка жаза алышат,окуп түшүнүүсү ,кайра айтып берүүсү жакшы. Сабактарды " Окуу керемет"долбоорунун ар түрдүү стратегияларын пайдалануу менен сабактарды , окуучуларды кызыктырып өтөт. Ата- энелер менен байланышы жакшы, өз учурунда чогулуштар өткөрүлүп турат. Класста ата- энелер бурчун уюштурган.

3а- класстын класс жетекчиси: Мусалимова А. Класста 19 окуучу окуйт. Календарлык планы түзүлүп,өз убагында бекиттирилген. Иш кагаздары толук, иреттүү. Журналдар өз учурунда таза ,туура толтурулат."Окуу керемет" долбоорунун түрдүү стратегияларын пайдалануу менен сабакка окуучуларды кызыктыруу менен өтөт. Окуучулар окуп түшүнүүсү жакшы ,окуган чыгармасын кайра айтып бере алат. Энелер мектеби,ата-энелер университети, ата-энелер чогулуштары өз учурунда өткөрүлүп турат. Ата- энелер мектеп менен тыгыз байланышта.

3б -класстын класс жетекчиси : Шаршеналиева Д. Класста 20 окуучу окуйт. Иш кагаздары толук,иреттүү, журнал ,календарлык планы өз учурунда туура,таза жазылат. Жөндөмдүү жана сабакты өздөштүрө албаган окуучулар менен иш алып барат. Ар бир сабакта көрсөтмө куралдарды жана " Окуу керемет" долбоорунун ар түрдүү заманбап стратегияларын пайдалануу менен окуучуларды сабакка кызыктыруу менен өтөт. Класста " Окуу керемет" бурчу уюшулган.
Ата-энелер менен тыгыз байланышта, ар кандай иш-чаралар, конкурстар уюшулуп турат. Башталгыч класста чыгармачыл мугалим.

4а-классынын класс жетекчиси: Мамырбаева Р. Класста 22 окуучу окуйт. Мугалимдин иш кагаздары толук,ирееттүү. Календарлык планы жана журналы

учурунда таза ,туура жазылат. Көрсөтмө куралдары улам жаңыланып турат. Жөндөмдүү жана сабакты өздөштүрө албаган окуучулар менен иш алып барат, ар бир окуучунун папкасы ,иштери бар. Пландалган боюнча стандарттык жана стандарттык эмес сабактарды өттү. Ата-энелер менен мектептин байланышы жакшы. Чогулуш,конкурстарды өтүп турат.

4б-класстын класс жетекчиси: Хасанова А. Класста 19 окуучу окуйт. Календарлык планы жыл башында түзүлүп, бекиттирилген. Өз учурунда таза,туура жазылат. Жөндөмдүү жана сабакка жетише албаган окуучулар менен иш алып барат. Окучуулардын папкалары жана дептерлери уюшулган,иштери бар. Ар бир сабакта көрсөтмө куралдарды пайдалануу менен " Окуу керемет" долбоорунун түрдүү стратегияларын колдонуу менен кызыктуу сабак өтөт. Класста " Окуу керемет" долбоорунун бурчу уюштурулуп, окуучулардын китепчелери, ар түрдүү жомоктордун сүрөттөрү ж.б илинген. Ата-энелер менен тыгыз байланышта. Чогулуштарды ,конкурстарды кызыктуу өтүү менен ата-энелерди мектепке тарта алды.

Башталгыч класстардын мугалимдери тарабынан "Окуу керемет" долбоорунун стратегияларын колдонуунун натыйжалуулугу" деген темада семинар өтүлдү. Бул семинар жаш мугалимдерге көп жардамы тийгени айтылды.

Быйылкы 2021-2022- окуу жылындагы окуучулардын усулдук бирикмесинин иштеринин аткарылышы жалпысынан " жакшы" деп белгиленди.

Жыл ичинде жүргүзүлгөн иштердин жыйынтыгы боюнча " Эң мыкты мугалим"деп 3б-класстын мугалими Шаршеналиева Дилбар белгиленди.

Жаңы 2021-2022- окуу жылына карата усулдук бирикмесинин иштерине сунуштар:

1. Жалпы башталгыч класстын окуучулардын кол жазмаларын жакшыртуу.
2. Башталгыч класстардын окуучулардын окуп түшүнүүсүн ,сөз байлыгын ,көркөм окуусун жана көркөм айтуусун өнүктүрүү.
3. Замандын талабына ылайык техникалык каражаттарды колдонуп сабактарды өтүү.
4. "Окуу керемет" долбоорунун стратегияларын толук кандуу колдонуу.
5. Ар бир мугалимдин сабактарга карата методикалык банкты кеңейтүү.

Бекитилди

Директор ______________ Д.Молдалиев

**Башталгыч класстардын усулдук бирикмесинин иш планы.**

**2018-2019-окуу жылы**

| № | Аткарылуучу иштер | мөөнөтү | Текшерүү формасы | жооптуу |
|---|---|---|---|---|
| 1<br>2<br><br>3 | *2017-2018-окуу жылына анализ.*<br>*2018-2019-окуу жылына кабыл алынган милдеттер.*<br>*Уюштуруу иштери* | август | | *УБ жетекчиси*<br>*Башталгыч кл.мугалимдери* |
| 1<br><br>2 | ***Тесттин турлору менен иштөө жолдору (тегерек стол)***<br>*Окуучулардын билимин сапатын аныктоо* | сентябрь | | *УБ жетекчиси*<br><br>*2-4-класстын мугалимдери* |
| 1<br>2<br><br>3 | *Башталгыч класстардын айлыгы*<br>*1-чейректин мониторинги*<br>*Билим сапаты*<br>*Чыгармачыл сабактардын иштелмелерин басма беттерине жарыялоо* | октябрь | *фронтал* | *Окуу башчы*<br>*УБ жетекчиси*<br>*Садырова Ж* |
| 1<br><br><br>2<br>3 | ***«Сапаттуу билим берүүдө мугалимдин ролу» (семинар тренинг)***<br>*Жумушчу дептерлердин абалы.*<br>*Чыгармачыл сабактардын иштелмелерин басма беттерине жарыялоо* | ноябрь | | *Рысбекова А*<br><br>*УБ жетекчиси*<br><br>*Мамырбаева Р* |
| 1<br><br><br>2<br>3 | *Сабакты жакшы өздөштүрө албаган окуучулар менен иш жүргүзүүнүн абалы*<br>*«Ким сулуу жазат?»(2-4-класстар*<br>*Мугалимдердин ишмердүүлүгүн баалоо.* | декабрь | | *Окуу башчы*<br>*УБ жетекчиси*<br>*Хасанова А* |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| 4 | *2-чейректин мониторинги.Билим сапаты* | | | |
| 1<br><br><br>2<br><br>3 | *Окуучулардын математикалык сабаттулугун текшерүү (2-4-класстар).*<br>*Жөндөмдүү окуучулар менен иш жүргүзүүнүн абалы.*<br>*Чыгармачыл сабактардын иштелмелерин басма беттерине жарыялоо* | январь | | *УБ жетекчиси*<br><br>*Ногойбаева Б*<br><br><br>*Ажыбекова Э* |
| 1<br><br><br><br>2<br>3 | ***«Бирге окуйбуз»долбоору боюнча тегерек стол «Башталгыч класстардын окуучуларынын окуу көндүмдөрүн жакшыртуу».***<br>*Жумушчу дептерлердин абалы.*<br>*Чыгармачыл сабактардын иштелмелерин басма беттерине жарыялоо* | февраль | | *Садырова Ж*<br><br>*УБ жетекчиси*<br><br><br>*Догдурбай кызы Айзада* |
| 1<br><br><br>2<br>3 | *Сабакты жакшы өздөштүрө албаган окуучулар менен иш жүргүзүүнүн абалы.*<br>*«Ким сулуу жазат?»*<br>*3-чейректин жыйынтыгы,билим сапаты,мониторинги.* | март | | *УБ жетекчиси*<br><br><br>*Рысбекова А* |
| 1<br><br>2<br>3 | ***Жаш мугалимдер менен иштөө.Тегерек стол***<br>*2-4-класстардын окуу тездиги*<br>*Чыгармачыл сабактардын иштелмелерин басма беттерине жарыялоо* | апрель | | *Ногойбаева Б*<br>*Садырова Ж*<br>*Хасанова А*<br>*Ногойбаева Б* |
| 1<br><br>2<br><br>3<br><br>4 | *«Жылдын мыкты окуучусу»конкурсуна катышуу*<br>*4а,б-класстардын көчүрүү эгзамендеринин жыйынтыгы*<br>*Мугалимдердин ишмердүүлүгүн баалоо.*<br>*УБнин ишинин жыйынтыгы* | май | | *Уюштуруучу*<br><br>*Окуу башчы*<br>*УБжетекчиси* |

Түзгөн : Мусалимова А.А

**Башталгыч класстардын усулдук бирикмесинин 2018-2019-окуу жылында аткарган иштеринин анализи.**

Башталгыч класстардын усулдук бирикмесинде жалпы 10 мугалим эмгектенди.8 класс жана 2 даярдоо группасы.2жаш мугалим Асаналиева Айнура насаатчысы Ж.Садырова .Жыл бою жардамдашып,насаатчылык милдетти аткарды жана Арыкбаева Рахат.

Окуу жылынын башында усулдук бирикменин иш планы түзүлүп, аткарылуучу иштер ирети менен айларга бөлүнгөн.Усулдук бирикмеде иштер пландалган пландын негизинде жүргүзүлдү.Ар бир мугалим жаңы окуу жылына карата календардлык планды,анын ичинен математика,кыргыз тили жана мекен таануу сабактарын мамлекеттик стандарттын негизинде түзүштү.

1-чейректин октябрь айында башталгыч класстардын усулдук бирикмесинин айлыгы өткөрүлдү. Айлыктын жүрүшүндө коюлган максаттын негизинде окуучулардын билимдери бардык сабактардан текшерилип жыйынтыкталды жана мугалимдердин чыгармачылыгы бааланды.Ар бир айда класстардан «Ким сулуу жазат?»сынагы өткөрүлүп,текшерилип мониторинги чыгарылып турду.Жалпысынан 1-4-класстардын кол жазмалары жакшы.Бирок,ар бир класста талапка жооп берип жаза албаган окуучулар бар.Жыйынтыгында 3а жана 3б-класстардын кол жазмасы «жакшы»деп белгиленди.

Окуучулардын кол жазмаларын жакшыртуу жана сабаттуу жазууга жетиштирүү биздин алдыга койгон биринчи максатыбыз.

Ошондой эле окуучулардын жумушчу дептерлеринин ,окуу куралдарынын кармалышына рейд жүргүзүлүп оңдоп,түзөө иштери жүрдү.

2-4-класстар арасында жөндөмдүү жана сабакты жакшы өздөштүрө албаган окуучулар менен жыл бою үзгүлтүксүз иштер жүргүзүлдү. Сабактардан жетише албаган айрым окуучулар бир аз болсо да алдыга умтулуп,сабакка болгон кызыгуусу пайда болгону байкалды.

«Башталгыч класстарда баалоонун өзгөчөлүгү»деген темада мектеп ичинде саминар өткөрүлдү.Бул семинар жаш мугалимдерге көп жардамы тийгени айтылды.

Ч.Айтматовдун 90жылдыгына арналган иш чараларга активдүү катышышты Бардык класстар өздөрүнүн жаш өзгөчөлүгүнө ылайык «Бугу эне»жомогунан

үзүндү аткарып беришти,сүрөттөрдү тартышты,көркөм айтышты.Мындан сырткары Ч.Айтматовдун чыгармаларын чагылдырган залга банер чыгарылды.Буга кошумча «Мектеп турмушунан»деген банер жаңыланды.

«Бирге окуйбуз»долбоорунун негизинде ментор Ж.Садырова иш алып барды.1-4-класстарда атайын окуучулардын окуу көндүмдөрүн жакшыртуу максатында ата-энелер менен бирдикте форум театр,чогулуштар өткөрүлүп турду.2а-класстын класс жетекчиси Р Таштанова «Ата-энелер бурчун»уюштурду.

«Балдарга китеп окуйлу»долбоору бул жылы дагы ата-энелер менен бирдикте иш алып барды.Ата-энелердин балдарга болгон жоопкерчилиги,көңүл буруусу жакшырды.

Ар бир класстан чейрек сайын окуучулардын окуу тездиги текшерилет.Текшерүүдө мугалим окуучунун шар окуусун ,туура ,түшүнүп окуусу,түшүнгөнүн кайра айтып берүүсү боюнча атайын көрсөткүчтүн негизинде окуучунун жетишүүсүн байкап,анализ жазып турушту.Былтыркы окуу жылына салыштырмалуу 1-4-класстын ата-энелери ар түрдүү жомок китептерди көбүрөөк сатып бере баштаганы байкалды.Мындан сырткары 2-4-класстын окуучулары китепканадагы атайын кенже балдарга арналып жазылган китептерди алып,кызыгуу менен окуп турушту.

480 сааттык программа менен Асаналиева Айнура жана Арыкбаева Рахат иш алып барышты.Календарлык пландары түзүлүп бекиттирилген,класс керектүү көрсөтмө куралдары менен жабдылган ,балдардын жаш өзгөчөлүгүнө туура келет.Даярдоо группасынын мугалимдеринин иш кагаздары толук.Журналдарын өз убагында толтурушат.

1а-класстын мугалими Садырова Ж.Класста 21окуучу бар.Окуу жүктөмү 17 саат.Эмгек стажы 27жыл. «Бирге окуйбуз»долбоорунун ментордук милдетти аткарат.Мектепте профсоюз уюмунун төрайымы.Иш кагаздары иреттүү,толук.Асаналиева Айнурага насаатчылык иш боюнча көп жардам берип турат.Ата-энелер менен байланышы жакшы.Сабактарына келип катышып турат.Ар бир сабактарында көрсөтмө куралдарды колдонуу менен окуучуларды кызыктырып сабак өтөт.Окуучулардын жетишүүсү жакшы.Жатка жазууга жана шар окууга үйрөнүп калышты.

1б-класстын мугалими Рысбекова Асель.Класста19 окуучу.Окуу жүктөмү 17 саат.Окуучулардын сабакка жетишүүсү жакшы,Ата-энелер менен байланышы эң жакшы.Мугалимдин иш кагаздары толук жана ирettүү.

2а-класс.Мугалими Таштанова Роза.Класста 18 окуучу бар.Мугалимдин иш

кагаздары толук.Өз убагында толтурулуп турат.Жыл башында окуучулардын билим деңгээли орто болгон.Көпчүлүк окуучулар жатка жазып,шар окуй алышчу эмес.Жыл аягында окуучулар жатка жазып,шар окуп,түшүнгөнүн кайра айтып берүүгө жетишип калышты.Ата энелер менен байланышы жакшы. «Балдарга китеп окуйлу»долбоорунун негизинде ата-энелер келип жомокторду окуп берип турушту.Класска ата-энелер бурчун уюштурган.

2б-класс.Мугалими Ажыбекова Элнура.Класста 23 окуучу бар.Мугалимдин иш кагаздары толук.Окуучулардын жетишүүсү жакшы.

3а-класс.Мугалими Ногойбаева Бактыгул.Мугалимдин иш кагаздары толук.Окуучулардын жетишүүсү жакшы жана кол жазмалары да жакшы. «Бирге окуйбуз»долбоорунун модулдарынын элементтерин сабактарында пайдаланат.

3б-класс мугалими Мусалимова Айзада.Класста 23окуучу.Мугалимдин иш кагаздары толук жана иреттүү.Окуучулардын жетишүүсү жакшы.Жөндөмдүү жана жетише албаган окуучулар менен иш алып барат.Ата-энелер менен байланышта болуп турат.Ар бир 5-күнү келип график менен балдарга жомок окуп берип турат.Классты жабдууда Ч Айтматовдун 90 жылдыгына карата стенд чыгарды.Өз билимин жогорулатуу максатында мектеп ичинде жана район ичинде өткөрүлгөн семинар тренингдерге катышып турду.

4а-класс мугалими Хасанова Айнагүл.Эмгек стажы 4 жыл.Классында 23 окуучу билим алат.Мугалимдин иш кагаздары өз убагында толтурулуп турат.Окуучуларга окуу көндүмдөрүн жакшыртуу боюнча ачык сабактарды өттү.Тсажрыйбалуу мугалимдердинсабактарына катышып өзүнө тажрыйба топтой алды жана көрсөтмө куралдарды жасап сабактарына пайдалана алат. Адабий окуу сабанынан «Ысык Көл жөнүндө сөз»деген темадагы чыгармачылык сабактын иштелмесин Каркыра газетасына жарыялады.

4б-класс мугалими Мамырбаева Роза.Классында 26 окуучу бар.Мугалимдин иш кагаздары толук.Жөндөмдүү жана жетише албаган окуучулар менен иш

алып барат.Ата-энелери менен мектептин байланышы жакшы.Пландалган боюнча стандарттык жана стандарттык эмес сабактарды өттү.

Быйылкы 2017-2018-окуу жылындагы усулдук бирикменин иштеринин аткарылышы жалпысынан «жакшы»деп белгиленди.

Жыл ичинде жүргүзүлгөн иштердин жыйынтыгы боюнча «Эң мыкты мугалим»деп 2а-класстын мугалими Таштанова Роза белгиленди.

Жаңы 2018-2019-окуу жылына карата усулдук бирикменин иштерине сунуштар:

1.Жалпы башталгыч класстын окуучуларынын кол жазмаларын жакшыртуу.

2.Башталгыч класстардын окуучулларынын окуп түшүнүүсүн,сөз байлыгын,көркөм окуусун жана көркөм айтуусун өнүктүрүү.

3.Ар бир мугалимдин сабактарга карата методикалык банкты кеңейтүү.

Бекитилди

*Директор*

*Б.Акматов*

***Башталгыч класстардын усулдук бирикмесинин иш планы.***

***2019-2020-окуу жылы***

| № | *Аткарылуучу иштер* | мөөнөтү | *Текшерүү формасы* | *жооптуу* |
|---|---|---|---|---|
| 1<br>2<br><br>3 | *2018-2019-окуу жылына анализ.*<br>*2019-2020-окуу жылына кабыл алынган милдеттер.*<br><br>*Уюштуруу иштери* | август | | *УБ жетекчиси*<br>*Башталгыч кл.мугалимдери* |
| 1<br><br>2 | ***Тесттин түрлөрү менен иштөө жолдору (тегерек стол)***<br><br>*Окуучулардын билим сапатын Аныктоо* | сентябрь | | *УБ жетекчиси*<br><br>*2-4-класстын мугалимдери* |
| 1<br><br>2<br><br>3 | *Башталгыч класстардын айлыгы 1-чейректин мониторинги*<br>*Билим сапаты*<br>*Чыгармачыл сабактардын иштелмелерин басма беттерине жарыялоо*<br>*Мугалимдер арасында дидактикалык жана методикалык материалдарды колдонуунун натыйжалуулугу(талкуу).* | октябрь | *фронтал* | *Окуу башчы*<br>*УБ жетекчиси*<br>*Садырова Ж* |
| 1<br><br>2<br>3 | ***«Сапаттуу билим берүүдө мугалимдин ролу» (семинар тренинг)***<br><br>*Жумушчу дептерлердин абалы.*<br>*Чыгармачыл сабактарынын иштелмелерин басма беттерине жарыялоо* | ноябрь | | *Шаршеналиева*<br><br>*УБ жетекчиси*<br><br>*МамырбаеваР* |
| 1<br><br>2<br>3<br>4 | *Сабакты жакшы өздөштүрө албаган окуучулар менен иш жүргүзүүнүн абалы*<br><br>*«Ким сулуу жазат?»(2-4-класстар)*<br>*Мугалимдердин ишмердүүлүгүн баалоо.*<br>*2-чейректин мониторинги.Билим сапаты* | декабрь | | *Окуу башчы*<br>*УБ жетекчиси*<br>*Хасанова А* |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| 1<br><br><br>2<br><br>3 | *Окуучулардын математикалык сабаттуулугун текшерүү (2-4-класстар).*<br>*Жөндөмдүү окуучулар менен иш жүргүзүүнүн абалы.*<br>*Чыгармачыл сабактардын иштелмелерин басма беттерине жарыялоо* | январь | | *УБ жетекчиси*<br><br>*Ногойбаева Б*<br><br>*Ажыбекова Э* |
| 1<br><br><br>2<br>3 | ***«Бирге окуйбуз»долбоору боюнча тегерек стол «Башталгыч класстардын окуучуларынын окуу көндүмдөрүн жакшыртуу».***<br>*Жумушчу дептерлердин абалы.*<br>*Чыгармачыл сабактардын иштелмелерин басма беттерине жарыялоо* | февраль | | *Садырова Ж*<br><br>*УБ жетекчиси*<br><br>*Догдурбай кызы Айзада* |
| 1<br><br>2<br>3 | *Сабакты жакшы өздөштүрө албаган окуучулар менен иш жүргүзүүнүн абалы.*<br>*«Ким сулуу жазат?»*<br>*3-чейректин жыйынтыгы, билим сапаты, мониторинги.* | март | | *УБ жетекчиси*<br><br>*Рысбекова А* |
| 1<br><br>2<br><br>3 | ***Жаш мугалимдер менен иштөө. Тегерек стол***<br>*2-4-класстардын окуу тездиги*<br>*Алдынкы тажрыйбалуу мугалимдердин ишин жайылтуу.*<br>*Чыгармачыл сабактардын иштелмелерин басма беттерине жарыялоо* | апрель | | *Ногойбаева Б*<br>*Садырова Ж*<br>*МамырбаеваР*<br>*Ногойбаева Б* |
| 1<br>2<br><br>3<br>4 | *«Жылдын мыкты окуучусу»конкурсуна катышуу*<br>*4а,б-класстардын көчүрүү эгзамендеринин жыйынтыгы*<br>*Мугалимдердин ишмердүүлүгүн баалоо.*<br>*УБнин ишинин жыйынтыгы* | май | | *Уюштуруучу*<br><br>*Окуубашчы*<br>*УБжетекчиси* |

Түзгөн: УБ жетекчиси Рысбекова. А

**Башталгыч класстардын усулдук бирикмесинин 2019-2020-окуу жылынын бир жылдык иштеген иштерине анализ.**

Башталгыч класстардын усулдук бирикмесинде 8 мугалим эмгектенет. Жылдын башындаУсулдук бирикменин биринчи заседаниеси болуп анда 2018-2019-жылдын анализин карап чыктык. Былтыркы 2018-2019-окуу жылындагы жүргүзүлгөн иштерге жана мугалимдердин чыгармачыл иш-аракеттерине талкуу жүргүзүлүп,анализ берилди. Былтыркы окуу жылында аткарылган иштердин басымдуу бөлүгү «Ата-энелер университети»долбоору боюнча пландалган иштер жана мамлекеттик стандартка ылайык сабактарды өтүү болду.

Ата-энелердин мектеп менен болгон байланышы «Ата-энелер университети» долбоорунун алкагында аткарылган иштердин негизинде жогорку деңгээлге жеткирилди.

Ар бир мугалим жыл ичинде берилген тапшырмаларды өз убагында аткарып турушту.2019-2020-окуу жылына милдеттерди кабыл алдык жана иш план түзүлдү.Андан тышкары уюштуруу иштери менен тааныштык.

Сентябрь айында Усулдук бирикме жетекчиси тарабынан «Тесттин түрлөрү менен иштөө жолдору» деген темада мугалимдер арасында тегерек стол өттү.

2019-2020-окуу жылынын сентябрь айында башталгыч класстардын усулдук бирикмесинде «Тесттин түрлөрү менен иштөө жолдору»деген темада тегерек стол болуп өттү.

Тегерек столдо тест менен иштөөнүн натыйжалуулугу жөнүндө сүйлөшүү жүрдү.

Тест-(англ.-сыноо,текшерүү,байкоо жүргүзүү)-сыналуучунун психофизиологиялык өзгөчөлүгүн ,билим ,билгичтик жана күнүм деңгээлдерин кыска убакыттын ичинде аныктоого арналган каражат.Окуу прцессинде колдонулуучу тест контролдоонун формасы катары аныкталат.

Тестирлөө системасынын педагогикалык багыты окуучунун билим деңгээлин аныктоого,билими боюнча ар бир окуучунун класстагы ордун аныктоого, билимин баалоого жана билим берүү сапатын аныктоого негизделет б.а. окуучулардын факт жүзүндөгү билимдерин , билгичтиктерин жана көндүмдөрүн б.а.конкреттүү маалыматты , белгилүү бир материалды билгендигин баалоого кызмат кылат.Тесттер калыптандыруучу жанажыйынтыктоочу баалоодо колдонулат.Тесттин жыйынтыктары окуучу үчүн татаал деп саналган тигил же бул теманы мыкты өздөштүрүүгө жардам берет.Тест баалоонун көптөгөн формаларынын бири гана болгондуктан,баалоонун башка методдору менен да айкалышып колдонулат.

Тесттин төмөндөгүдөй түрлөрү колдонулуп келет.

-Даяр жоопторудун ичинен бир жоопту тандаган тест (ачык тест).

-Даяр жоопторудун ичинен бир нече жоопторду тандаган тест.

-Жооптору жазылбаган тест (жабык тест)

-Сүрөттүү тесттер.(1-класстар жана даярдоо класстарынын окуучулары үчүн)

Тест менен иштөө жолдорун окуучулар башталгыч класста эле жакшы билүүлөрү керек.Башталгыч класстардын мугалимдери 2-4-класстарда ачык тесттерди сабактарында ар бир бөлүмдүн аягында,чейрек аягында колдонулаары айтылып,жабык тесттерди да көбүрөөк колдонуу керектиги айтылды.Былтыркы окуу жылында 4-класстардан администрация тарабынан жабык тест

алынганда окуучулар жакшы жазалышкан эмес. Анткени тесттин мындай түру менен окуучулар тааныш эмес болчу. Ошондуктан2019-2020 окуу жылында 3-4-класстын ар бир мугалими тесттин түрлөрү (ачык,жабык) менен иштөө керек экени айтылды.

Окуучулардын билим сапатын аныктоодо 2-4-класстардан математикадан жана кыргыз тил сабактарынан текшерүү иши жана жат жазуу алынды.

Октябрь айында бир айлык декада болду. Иш план түзүлүп бекитилди. Мугалимдер өздөрүнө берилген иш чараларды өтүштү.

Ачык сабактар негизги сабактардан андан сырткары тарбиялык сааттардан өтүлдү.Мугалимдер өтүлгөн ачык сабактарында окуучулардын жаш өзгөчөлүгүнө жараша,көрсөтмөлүү чыгармачылык изденүү менен заман талабына ылайык,ар түрдүү интерактивдүү ыкмаларды колдонуу менен өтө алышты. Ар бир сабакка мугалимдер тарабынан анализ берилип,сунуштар айтылды. Ушунун негизинде 2б-класстын мугалими Д. Шаршеналиеванын адабий окуу сабагы жана 2а-классынын мугалими Мусалимова Айзаданын адабий окуу сабагы мугалимдер тарабынан жактырылды. Себеби бул мугалимдер сабагында «Окуу керемет» долбоору боюнча ыкмаларды колдонуу менен сабактарын мыкты деңгээлде өтүштү. Окуучуларды кызыктыруучу жана өз алдынча ой жүгүртүүчү тапшырмаларды бере алды.

Ал эми башка мугалимдер да ачык сабактарында Т.С.Онү пайдаланып,ар кандай кызыктуу тапшырмалар аркылуу окуучуларды кызыктыра алышты.Мисалы 3б-классынын мугалими А.Хасанова тарбиялык сааттан «Жаратылыш жан досум»деген темада проектордун жардамы менен көрсөтмөлүү сабактарды өтүштү.

«Башталгыч класстардын мугалимдеринин арасында методикалык жана дидактикалык материалдарды колдонуунун натыйжалуулугу» деген темада талкуу жүрдү. Талкуу учурунда ар бир мугалим өз ойлорун айтышып, кайсы учурда, кандай кошумча дидактикалык, методикалык, колдонмолорун колдоноорун айтышты.Аралыктан окутуу болуп жаткандыгына байланыштуу ар бир мугалим өздөрүнүн чыгармачылыгы менен видео сабактарды ар кандай программалардын негизинде жасап өтүп жаткандыктары айтылды.Ар бир мугалим санариптештирилген технологияларды колдонуп сабактарды өтүүсү айтылды.

Башталгыч класстын баардык мугалими дидактикалык колдонмолорду окуучулардын жаш өзгөчөлүгүнө жараша, заман талабына ылайык көбүрөөк колдонушу зарыл экендиги,ошондой эле методикалык колдонмолор өзгөчө жаш мугалимдерге абдан чон жардамчы болоору айтылды. Бул колдонмолордо сабактарды өтүү ыкмалары ошондой эле окуучулардын адабий эстетикалык, математикалык түшүнүктөрүнүн калыптандыруу үчүн сунушталган үлгү сабактардын иштелмелери камтылаары айтылды.

«Сапаттуу билим берүүдө мугалимдин ролу» деген темада семинар –тренинг Шаршеналиева Дилбар өттү.

Сабакты жакшы өздөштүрө албаган окуучулар менен жыл ичинде эки жолу текшерүү пландалган 2-4-класстарда сабакты жакшы өздөштүрө албаган окуучулар менен иш жүргүзүү боюнча текшерүү жүргүзүлдү.

Ар бир класста сабакты жакшы өздөштүрө албаган окуучулар менен иштөө планы түзүлгөн.Түзүлгөн план боюнча иш алып барышат.Окуучулар үчүн дептерлер уюштурулган,түшүнбөгөн темалар боюнча кошумча тапшырмалар берилип,аткарылып турат.

алынганда окуучулар жакшы жазалышкан эмес. Анткени тесттин мындай туру менен окуучулар тааныш эмес болчу.Ошондуктан2019-2020-окуу жылында 3-4-класстын ар бир мугалими тесттин түрлөру (ачык,жабык) менен иштөө керек экени айтылды.

Окуучулардын билим сапатын аныктоодо 2-4-класстардан математикадан жана кыргыз тил сабактарынан текшерүү ишин жана жат жазуу алынды.

Октябрь айында бир айлык декада болду.Иш план түзүлүп бекиттирилди.Мугалимдер өздөрүнө берилген иш чараларды өтүштү.

Ачык сабактар негизги сабактардан андан сырткары тарбиялык сааттардан өтүлдү.Мугалимдер өтүлгөн ачык сабактарында окуучулардын жаш өзгөчөлүгүнө жараша,көрсөтмөлүү чыгармачылык изденүү менен заман талабына ылайык,ар түрдүү интерактивдүү ыкмаларды колдонуу менен өтө алышты.Ар бир сабакка мугалимдер тарабынан анализ берилип,сунуштар айтылды.Ушунун негизинде 2б-класстын мугалими Д. Шаршеналиеванын адабий окуу сабагы жана 2а-классынын мугалими Мусалимова Айзаданын адабий окуу сабагы  мугалимдер тарабынан жактырылды.Себеби бул мугалимдер  сабагында «Окуу керемет» долбоору боюнча ыкмаларды колдонуу менен сабактарын мыкты деңгээлде өтүштү. Окуучуларды кызыктыруучу  жана оз алдынча ой жүгүртүүчү тапшырмаларды  бере алды.

Ал эми башка мугалимдер да ачык сабактарында Т.С.Ону пайдаланып,ар кандай кызыктуу тапшырмалар аркылуу окуучуларды кызыктыра алышты.Мисалы 3б-классынын мугалими А.Хасанова тарбиялык сааттан «Жаратылыш жан досум»деген темада  проектордун жардамы менен көрсөтмөлүү сабактарды өтүштү.

«Башталгыч класстардын мугалимдеринин арасында методикалык  жана дидактикалык материалдарды колдонуунун натыйжалуулугу» деген темада талкуу жүрдү. Талкуу учурунда ар бир мугалим өз ойлорун айтышып, кайсы учурда, кандай кошумча дидактикалык, методикалык, колдонмолорун колдоноорун айтышты.Аралыктан окутуу болуп жаткандыгына байланыштуу ар бир мугалим өздөрүнүн чыгармачылыгы менен видео сабактарды ар кандай программалардын негизинде жасап өтүп жаткандыктары айтылды.Ар бир мугалим санариптештирилген технологияларды колдонуп сабактарды өтүүсү айтылды.

Башталгыч класстын баардык мугалими дидактикалык колдонмолорду окуучулардын жаш өзгөчөлүгүнө жараша, заман талабына ылайык көбүрөөк колдонушу зарыл экендиги,ошондой эле методикалык колдонмолор өзгөчө жаш мугалимдерге абдан чон жардамчы болоору айтылды. Бул колдонмолордо сабактарды өтүү ыкмалары ошондой эле окуучулардын адабий эстетикалык, математикалык түшүнүктөрүнүн калыптандыруу үчүн сунушталган үлгү сабактардын иштелмелери камтылаары айтылды.

«Сапаттуу билим берүүдө мугалимдин ролу» деген темада семинар –тренинг Шаршеналиева Дилбар  өттү.

Сабакты жакшы өздөштүрө албаган окуучулар менен жыл ичинде эки жолу текшерүү пландалган 2-4-класстарда сабакты жакшы өздөштүрө албаган окуучулар менен иш жүргүзүү боюнча текшерүү жүргүзүлдү.

Ар бир класста сабакты жакшы өздөштүрө албаган окуучулар менен иштөө планы түзүлгөн.Түзүлгөн план боюнча иш алып барышат.Окуучулар үчүн дептерлер уюштурулган,түшүнбөгөн темалар боюнча кошумча тапшырмалар берилип,аткарылып турат.

Кызыктыруу үчүн сүрөттүү жомоктор, кроссворддор, кластерлер, логогрифтер,акроырлар ж.б.кызыктуу тапшырмалар берилет.

«Ким сулуу жазат» окуучулар арасында коллиграфиясын текшерүү максатында жат жазуу лар алынып ,жыйынтыгы чыгарылып турду.

Мугалимдердин ишмердүүлүгүн баалоо үчүн бир канча бөлүмдөн турган баалоо критерийлердин негизинде текшерилди.Мугалимдин өздүк папкалары жана окуучулардын папкалары текшерилди.Кетирген ката,кемчиликтери айтылып,оңдоо үчүн убакыт берилди.Катанын жоюлушу боюнча кайра текшерүү жүргүзүлдү.

2019-2020-окуу жылында 3-4-класстарда сабакты жакшы өздөштүргөн окуучулар менен иштөө планы түзүлгөн.Окуу завучу тарабынан текшерилип,мектеп директору тарабынан бекиттирилген.Бул окуучулар менен мугалимдер системалуу иш алып жүргүзүшөт.Сабак учурунда кошумча тапшырма берүү менен ал эми көбүнчө сабактан сырткары убакта иш алып барышат.Окуучулардын атайын уюштурулган дептерлери бар.Иштелген иштери атайын бир папкага салынат.

Окуучунун билим деңгээлине жараша мугалим татаалдаштырып ар түрдүү тапшырмаларды түзүп келет.Көбүнчө өз алдынча иштөөгө жана логикалык ойлоосун өстүрүүгө багытталган тапшырмалар берилип,аткарылган иштер бааланат.Ар бир өтүлгөн сабакта үйдөн аткарууга жана изденүү үчүн ар түрдүү тапшырмалар берилет.

Бул ишти дайым көзөмөлдөп ,окуучунун билим деңгээлин тереңдетүү менен билим тарбия берүү ар бир мугалимге милдеттендирилди.

Окуучу жолдоштору менен ынтымакта,бири-бирин сыйлоого көнүгөт.

«Бирге окуйбуз» долбоору боюнча «Башталгыч класстардын окуучуларынын окуу көндүмдөрүн жакшыртуу»боюнча тегерек стол өтүлдү.

Мугалимдер өз тажрыйбасы менен башка мугалимдер менен бөлүшүп,кызыктуу талкуу жүргүзүштү.

Жылдын аягында мугалимдердин ишмердүүлүгүн баалоо жүргүзүлүп,мыкты мугалим деп Шаршеналиева Дилбардын ишмердүүлүгүн « эң жакшы» деп табылды.

Жылдын жыйынтыгында усулдук бирикменин иши « жакшы» деп табылды

Бекитилди

Директор

__________ Б.Акматов

**Башталгыч класстардын усулдук бирикмесинин иш планы.**

**2020-2021-окуу жылы**

| № | Аткарылуучу иштер | мөөнөтү | Текшерүү формасы | жооптуу |
|---|---|---|---|---|
| 1<br>2<br><br>3 | 2019-2020-окуу жылына анализ.<br>2020-2021-окуу жылына кабыл алынган милдеттер.<br>Уюштуруу иштери | август | | УБ жетекчиси<br><br>Башталгыч кл.мугалимдери |
| 1<br><br>2 | Окуучулардын билим сапатын аныктоо<br><br>Мугалимдер арасында дидактикалык жана методикалык материалдарды колдонуунун натыйжалуулугу(талкуу). | сентябрь | | УБ жетекчиси<br><br>Башталгыч класстын мугалимдери |
| 1<br><br>2<br><br>3 | Башталгыч класстардын айлыгы<br><br>Жумушчу дептерлердин абалы<br><br>Чыгармачыл сабактардын иштелмелерин басма беттерине жарыялоо | октябрь | фронтал | Окуу б. башчы<br><br>Мамырбаева Р<br><br>Садырова Ж |
| 1<br><br>2<br><br>3 | **«Бирге окуйбуз» долбоору боюнча «Апам атам жана мен,китеп окуйбуз баарыбыз тен»** (сынак)<br>1-чейректин мониторинги. Билим сапаты<br><br>Ким сулуу жазат? | ноябрь | | Шаршеналиева<br><br>УБ жетекчиси<br><br>Ажыбекова Э |
| 1<br><br>2<br><br>3 | Сабакты жакшы өздөштүрө албаган окуучулар менен иш жүргүзүүнүн абалы<br>Мугалимдердин ишмердүүлүгүн баалоо.<br><br>2-чейректин мониторинги.Билим сапаты | декабрь | | Окуу б. башчы<br><br>УБ жетекчиси<br><br>УБ жетекчиси |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| 1<br><br>2<br><br>3 | *Окуп түшүнүү ишмердүүлүгүн текшерүү (2-4-класстар).*<br>*Жөндөмдүү окуучулар менен иш жүргүзүүнүн абалы.*<br>*Чыгармачыл сабактардын иштелмелерин басма беттерине жарыялоо* | январь | | *Рысбекова А*<br><br>*Хасанова А*<br><br>*Мамырбаева Р* |
| 1<br><br>2<br>3 | ***«Нооду» тест менен иштөөнүн жыйынтыгы***<br><br>*Жумушчу дептерлердин абалы.*<br>*Жомоктор дүйнөсүнөн (куурчактар)* | февраль | | *Садырова Ж*<br><br>*Шаршеналиева*<br>*Башталгыч кл мугалимдери* |
| 1<br><br>2<br>3 | *Сабакты жакшы өздөштүрө албаган окуучулар менен иш жүргүзүүнүн абалы.*<br>*«Ким сулуу жазат?»*<br>*3-чейректин жыйынтыгы, билим сапаты, мониторинги.* | март | | *Хасанова А*<br><br>*Ажыбекова Э*<br>*УБ жетекчиси* |
| 1<br><br>2<br><br>3 | ***Алдынкы тажрыйбалуу мугалимдердин ишин жайылтуу.***<br>*Алиппе майрамы*<br><br>*4-класстарынын башталгыч классы менен коштошуусу.* | апрель | | *Тажрыйбалуу мугалимдер*<br>*Ажыбекова Э*<br><br>*Садырова Ж*<br>*Рысбекова А* |
| 1<br>2<br><br>3<br>4 | *«Жылдын мыкты окуучусу»конкурсуна катышуу*<br>*4а,б-класстардын көчүрүү эгзамендеринин жыйынтыгы*<br>*Мугалимдердин ишмердүүлүгүн баалоо.*<br>*УБнин ишинин жыйынтыгы* | май | | *Уюштуруучу*<br>*Окуу б.башчы*<br><br>*УБ жетекчиси* |

Түзгөн: УБ жетекчиси Рысбекова. А

**Башталгыч класстарынын усулдук бирикмесинин 2020-2021-окуу жылындагы аткарган иштеринин анализи.**

Марат Темиров атындагы жалпы орто билим берүү мектебинде башталгыч класстарынын отуруму болуп өттү.Жалпы башталгыч класстарда сегиз мугалим эмгектенет.2019-2020-окуу жылындагы жүргүзүлгөн иштерге жана мугалимдердин чыгармачыл иш-аракеттерине талкуу жүргүзүлүп,анализ берилди. Ошондой эле 2019-2020-окуу жылынын аткарылган иштеринин талкуу анализинен улам жаны 2020-2021-окуу жылына карата милдеттерди кабыл алдык.

Бул жылы пандемияга карата дистанттык аралыктан окутуу болгондуктан көбүнчө пландалган иш чаралар аткарылбай калды.

«Башталгыч класстардын мугалимдеринин арасында методикалык жана дидактикалык материалдарды колдонуунун натыйжалуулугу» деген темада талкуу жүрдү. Талкуу учурунда ар бир мугалим өз ойлорун айтышып, кайсы учурда, кандай кошумча дидактикалык, методикалык, колдонмолорун колдоноорун айтышты.Аралыктан окутуу болуп жаткандыгына байланыштуу ар бир мугалим өздөрүнүн чыгармачылыгы менен видео сабактарды ар кандай программалардын негизинде жасап өтүп жаткандыктары айтылды.Ар бир мугалим санариптештирилген технологияларды колдонуп сабактарды өтүүсү айтылды.

Башталгыч класстын баардык мугалими дидактикалык колдонмолорду окуучулардын жаш өзгөчөлүгүнө жараша, заман талабына ылайык көбүрөөк колдонушу зарыл экендиги,ошондой эле методикалык колдонмолор өзгөчө жаш мугалимдерге абдан чон жардамчы болоору айтылды. Бул колдонмолордо сабактарды өтүү ыкмалары ошондой эле окуучулардын адабий эстетикалык, математикалык түшүнүктөрүнүн калыптандыруу үчүн сунушталган үлгү сабактардын иштелмелери камтылаары айтылды.

Аралыктан окутуу болгондугуна байланыштуу пландалган декада май айына жылдырылды.

Бул окуу жылы башталгандан бери (онлайн)аралыктан окутуу болгондугуна байланыштуу «Бирге окуйбуз» долбоору боюнча «Атам,апам жана мен бирге окуйбуз баарыбыз тен»онлайн сынак жарыяланды.

Бул онлайн сынакка бардык класстар абдан активдүү катышышып,кызыгуу менен окуучулар ата-энелери менен биргеликте бир китепти чоогуу окуу менен жана окуп түшүнгөнүн айтуу менен биргеликте видеороликтерди жасап жиберишкен.Эн жакшы видеороликтер тандалып районго жиберилди.

«Нооду» тест менен иштөөнүн жыйынтыгы боюнча 2-4-класстардан окуучулардын окуп түшүнүп айтып берүүсү текшерилди.

Окуп түшүнүүнүн башкы максаты болуп тексттен алынган маалыматты түшүнүү,күндөлүк турмушта пайдалануу болуп эсептелинет.Окуп түшүнүүнүн ар кандай түрлөрү болот,айрымдары өтө оор,айрымдары жеңилирээк болот.

Бул жерде биз окуучулар окуганын түшүнүүнүн негизги 3 түрүн талкуулайбыз.

1.Түздөн-түз түшүнүү

2.логикалык түшүнүү.

3.Баалап түшүнүү.

Окуп түшүнүүнүн бул түрлөрүн пайдалануу менен окуучулардын окуу көндүмдөрү,ойлоосу,түшүнүп кайра айтып берүүсү,сөз байлыктары өсөт.

Жыл ичинде жумушчу дептерлердин абалы боюнча текшерүү жүргүзүлүп, жыйынтыгында 1-4-класстардык дептерлери толук,талапка ылайык жазылып, тышталган. Өз убагында текшерилип турары айтылды. Туура эмес жазылган болсо эскертүү, эң жакшы болсо мугалим тарабынан мактоолор жазылып турат.

Жомоктор дүйнөсүнөн ар кандай куурчактарды жасоо жана жомокторду ролдоштуруп аткарууда Шаршеналиева Дилбар 2б-класска сахна артынан жомок коюп берди.Окуучулар абдан кызыгуу менен көрүп,түшүнгөндөрүн айтып беришти.

2-4-класстарда сабакты жакшы өздөштүрө албаган окуучулар менен иш жүргүзүү боюнча текшерүү жүргүзүлдү.

Ар бир класста сабакты жакшы өздөштүрө албаган окуучулар менен иштөө планы түзүлгөн.Түзүлгөн план боюнча иш алып барышат.Окуучулар үчүн дептерлер уюштурулган,түшүнбөгөн темалар боюнча кошумча тапшырмалар берилип,аткарылып турат.

Кызыктыруу үчүн сүрөттүү жомоктор, кроссворддор, кластерлер, логогрифтер,акроырлар ж.б.кызыктуу тапшырмалар берилет.

2020-2021-окуу жылында 3-4-класстарда сабакты жакшы өздөштүргөн окуучулар менен иштөө планы түзүлгөн.Окуу завучу тарабынан текшерилип,мектеп директору тарабынан бекиттирилген.Бул окуучулар менен мугалимдер системалуу иш алып жүргүзүшөт.Сабак учурунда кошумча тапшырма берүү менен ал эми көбүнчө сабактан сырткары убакта иш алып барышат.Окуучулардын атайын уюштурулган дептерлери бар.Иштелген иштери атайын бир папкага салынат.

Окуучунун билим деңгээлине жараша мугалим татаалдаштырып ар түрдүү тапшырмаларды түзүп келет.Көбүнчө өз алдынча иштөөгө жана логикалык ойлоосун өстүрүүгө багытталган тапшырмалар берилип,аткарылган иштер бааланат.Ар бир өтүлгөн сабакта үйдөн аткарууга жана изденүү үчүн ар түрдүү тапшырмалар берилет.

Бул ишти дайым көзөмөлдөп ,окуучунун билим деңгээлин тереңдетүү менен билим тарбия берүү ар бир мугалимге милдеттендирилди.

Окуучу жолдоштору менен ынтымакта,бири-бирин сыйлоого көнүгөт.

Алдынкы тажрыйбалуу мугалимдердин ишин жайылтуу максатында жалпы мектептик семинар болуп өттү.Бул семинарда башталгыч класстардын мугалимдери өздөрүнүн иш тажрыйбасы менен бөлүштү.ТСОну пайдаланып окууга керектүү материалдар менен семинарды мыкты деңгээлде өтүштү.

Семинардын жыйынтыгы менен усулдук бирикмедеги мугалимдердин ишмердүүлүгү бааланды.Бул жылдын мыкты мугалими деп Садырова Жипаркүл табылды.

Усулдук бирикмедеги мугалимдердин жана бир жылдык усулдук бирикменин иши «Жакшы»деп табылды.

Марат Темиров атындагы жалпы орто билим берүү мектебинин башталгыч класстарынын усулдук бирикмесинин 2018- 2022- окуу жылдарындагы аткарган иштерине анализ.

Башталгыч класстын усулдук бирикмесинде жалпы 8 мугалим эмгектенет.

1.Садырова Жыпаркүл . Башталгыч класстын мугалими . Эмгек стажы 30 жыл

2. Шаршеналиева Дилбара . Башталгыч класстын мугалими .Эмгек стажы 27 жыл

3. Мусалимова Айзада .Башталгыч класстын мугалими . Эмгек стажы 11 жыл.

4. Рысбекова Асель . Башталгыч класстын мугалими . Эмгек стажы 17 жыл

5. Мамырбаева Роза. Башталгыч класстын мугалими . Эмгек стажы 15 жыл

6. Хасанова Айнагүл. Башталгыч класстын мугалими. Эмгек стажы 9 жыл

7. Ажибекова Эльнура Башталгыч класстын мугалими. Эмгек стажы 17 жыл

8. Асаналиева Айнура. Башталгыч класстын мугалими . Эмгек стажы 7 жыл.

Башталгыч класстын усулдук бирикмесинде мектеп администрациянда бекитилген 3 милдеттин үстүндө иш алып бардык.

1-милдет : Окуучулардын ой жүгүртүүсүн, кабыл алуусун, окуп түшүнүүсүн өнүктүрүү.. (Заманбап техникалык каражаттарды сабактарга колдонуп өтүү)

2-милдет: Сабакты жакшы өздөштүргөн жана сабакты жакшы өздөштүрө албаган окуучулар менен иш алып баруу.

3- милдет: "Бирге окуйбуз" ,"Окуу керемет" долбоорлорунун негизинде ар кандай стратегияларды колдонуу менен сабактарды өтүү.

2018-2022-окуу жылдарында ар бир мугалим окуучулардын ой жүгүртүүсүн ,кабыл алуусун,окуп түшүнүүсүн жана тамгаларды элементи менен жазуу иштерди жандандырууга милдеттерди кабыл алып, ошонун үстүндө иш алып барышты.

Ар бир класста чейрек сайын окуучулардын окуган чыгармасын кайра айтып берүүсүнө көңүл бурулуп , окуу тездиги текшерилип ,анализ жазылып турду. Көпчүлүк окуучулардын окуп түшүнүүсү жакшы,туура сүйлөй билишет. Окуган чыгармасына 2-4-класстардын окуучулары аңгеме түзүп, чыгарманы сүрөт менен чагылдырып беришет.

Андан сырткары ай сайын окуучулардын кол жазмаларын текшерүү максатында " Ким сулуу жазат?" сынагы өткөрүлүп ,текшерилип ,мониторинги чыгарылып турат.Жалпысынан 1-4 класстардын кол жазмалары орто. Ар бир класста тамгаларды элементи менен жаза алган,жаза албаган окуучулар да бар. Окуучулардын кол жазмалары жакшыртуу жана сабаттуу жазууга жетиштирүү биздин алдыга койгон максатыбыз. Ар бир мугалим сабактарда заманбап техникалык каражаттарды колдонуп сабак өтүшөт. Окуучуларды сабакка кызыктыруу менен өтө билишет. Көбүрөөк техникалык каражат колдонуп өтүүсү сунушталды.

2-4 -класстар арасында жөндөмдүү жана сабакка жетише албаган окуучулар менен жыл бою үзгүлтүксүз иш алып барылат. Ар бир класс жетекчинин папкалары уюштуруп, окуучулардын иштери , тапшырмалары салынат.Логикалык ойлоосун өстүрүү максатында ар кандай кызыктуу тапшырмалар берилет. Сабакка жетише албаган айрым окуучулар бир аз да болсо алдыга умтулуп, сабакка болгон кызыгуусу пайда болгону байкалды.

" Бирге окуйбуз " долбоорунун негизинде 1-4-класстарда атайын окуучулардын окуу көндүмдөрүн жакшыртуу максатында ата- энелер менен бирдикте форум театр, чогулуштар өткөрүлүп, сахналаштырылган жомоктор коюлуп турду. Ата-энелердин балдарга болгон жоопкерчилиги,көңүл буруусу жакшы. Мектеп менен тыгыз байланышта. Ошондой эле "Энелер мектеби" ," Ата-энелер университети" да өткөрүлүп турат. Башталгыч класстарда ата-энелердин чогулушка келүүсү жакшы.

Ар бир мугалим "Окуу керемет" долбоорунун негизинде сабактарды жаңы заманбап стратегияларын пайдалануу менен өтүүгө жетиштик. 1-4-класстар арасында атайын окуучулардын окуу көндүмдөрүн жакшыртуу максатында ата- энелер менен бирдикте иш –чаралар өткөрүлүп турат. "Окуу керемет" долбоорунун негизинде ,ата-энелер менен биргеликте электрондук китеп окуу сынактары , фин-чилистен сынагы уюштурулду.Ата-энелердин балдарга болгон жоопкерчилиги , көңүл буруусу жакшырды.

**Башталгыч класстын усулдук бирикмесинин күчтүү жактары:**

1. Усулдук бирикмеде ар тараптуу чыгармачыл мугалимдердин болуусу.
2. Ата-энелерди мектепке тарта билүүсү.
3. Ар бир мугалимдин көрсөтмөлүү сабак өтүүсү.

**Усулдук бирикменин алсыз жактары:**

1. Жалпы башталгыч класстын окуучуларынын кол жазмаларын жакшырбагандыгы.
2. Замандын талабына ылайык техникалык каражаттарды сабактарда аз колдонулушу.